Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар Кеңешинин

30.08.2023-ж.

№ 10.4. ТОКТОМУ

2. Ар түрдүү маселелер.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2022-2027-жылдарга түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планын бекитүү жөнүндө.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2022 – 2027-жылдардагы стратегиялык иш-чараларынын 2022-2023 окуу жылында пландалган иштеринин аткарылышы жөнүндө КУУнун ректору Абдырахманов Төлөбек Абыловичтин маалыматын угуп жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2022-2027-жылдарга түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планын бекитүү зарылчылыгын белгилеп,

Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2022-2027-жылдарга түзүлгөн Стратегиялык өнүгүү Планы бекитилсин.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Т.А. Абдырахманов

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

# Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН
# 2022-2027-ЖЫЛДАРГА КАРАТА
# ТҮЗҮЛГӨН СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ПЛАНЫ

## УНИВЕРСИТЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

Кыргыз улуттук университети дүйнөлүк билим берүү рыногунун талаптарына жана интеллектуалдык эмгекти коммерциялаштырууга багытталган Изилдөөчү университет моделин тандайт. Муну менен, билим менен илимдеги классикалык жана инновациялык өңүттөр балансын сактап, тобокелдиктер менен коркунучтарга адекваттуу жооп берип, чапчаң аракет кылуу жана эксперименттерге умтулуу менен КУУ алдынкы ЖОЖдордон болот

**КУУнун муну шарттаган 2027 -жылга чейинки стратегиясы төмөндөгүлөргө багытталган:**

- КУУ Улуттук ири долбоорлорду ишке ашыруунун, жаңы генерациядагы Улуттук идеяларды жана заманбап Улуттук интеллигенцияны даярдоонун Борбору болот;
- КУУ фундаменталдык илимий изилдөөлөр менен улуттук идеяларды өнүктүрүүнүн, аналитикалык иштелмелердин жана Кыргызстандын улуттук коопсуздугу боюнча-изилдөөлөрдүн Борбору болот;
- Эл аралык деңгээлдеги ЖОЖ болгон КУУнун окумуштуулары менен бүтүрүүчүлөрү глобалдуу эмгек рыногуна татыктуу тартылып, алдынкы академиялык чөйрөдө, маанилүү башкаруучулук чечимдерди кабыл алган мамлекеттик кызматтарда иштеген университетке айланат.

**Бул үчүн, КУУнун өнүгүү стратегиясы төмөндөгү приоритеттерди көздөйт:**

- санариптик башкарылуучу санариптик университетке трансформациялануу;
- диверсификациялоо менен университеттин инновациялык экономикалык системасын түзүү;
- окуу процессин изилдөөчү университеттин шарттарына жараша трансформациялоо жана ылайыкташтыруу;
- университеттик илимди экономиканын реалдуу секторуна интеграциялоо;
- эл аралык кызматташууну рационалдуу-прагматикалык нукка багыттоо;
- Улуттук идеяларды жаратуу жана Улуттук интеллигенцияны даярдоо Борбору болуу.

## УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ МЕНЕН СТРАТЕГИЯСЫ

**КУУнун миссиясы** - классикалык жана инновациялык жетишкендиктерге таянып, университеттин билим берүү, илимий потенциалын сактап, өөрчүтүү. Улуттук идеяларды жаратуучу, Улуттук долбоорлорду аткаруучу жана Улуттук интеллигенцияны даярдоочу Борбор болуу.

**Максаттар:**

- КР Президентинин 2022-ж. 18.07. №24 «КР ЖКББ билим берүү уюмдарынын көрөңгөсү менен атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга карата чаралар жөнүндөгү» Жарлыгын ишке ашыруу;
- КУУну академиялык чөйрөнүн эл аралык рыногунда татыктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү орду бар Кыргызстандын алдыңкы билим берүү, изилдөө университетине айландыруу.

## 2022-2027-ЖЫЛДАРГА ТҮЗҮЛГӨН СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ ПЛАНЫ

| ИШ-ЧАРАЛАР | МӨӨНӨТҮ | КҮТҮЛҮҮЧҮ ЖЫЙЫНТЫКТАР |
|---|---|---|
| **БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ<br>Билим берүү процессин изилдөө университетинин шарттарына ылайыкташтыруу** | | |
| I. Окуу процессин уюштуруу жана башкарууну өзгөртүү | **2022 –2027** | I. Окуу процессин уюштуруу жана башкаруу толук санариптештирилет.<br>Окуу процессин уюштуруп, башкаруучу УЧАлар инвентаризацияланып,<br>жаңыртылат. |
| II. Окутуунун бардык деңгээлдеринде атаандаштыкка жөндөмдүү билим берүү программаларын иштеп чыгуу. | **2022 –2027** | II. Окуу процессин уюштуруу айрым курамдарда программалык принципке өтөт. 1- курстун студенттери үчүн бакалавриаттын бир нече билим берүү программалары боюнча топсуз окутуу технологиясы киргизилет. |
| III. Окуу программаларын рынок талабына ыңгайлаштыруу | **2022 –2027** | I.III. Окуу программалары, элективдик дисциплиналарынын мазмуну жумуш берүүчүлөрдүн эксперттик корутундууларындагы талаптарына ылайыкташат. |
| I.IV. Окутуучулардын сапаттык курамын жакшыртуу, квалификацияларын жогорулатуу, чет өлкөлүк стажировкадан өткөрүү. | **2022 –2027** | I.IV. Окутуучулардын сапаттык курамы 75%га жетет, 80% квалификацияларын жогорулатат жана 30-40% чет өлкөлүк стажировкадан өтөт. |
| I.V. Билим берүү процессин маалыматтык-технологиялык камсыздоону өркүндөтүү. | **2022 –2027** | V. Окуу имараттарда «Санариптик Кыргызстан» программасынын чегинде компьютердик Борборлор ачылат.<br>- ЮНЕСКО-ICHEI менен бирге дүйнөлүк деңгээлдеги smart-класс ачылат.<br>- Ар бир окуу имаратында Smart-комплекстер менен бирден аудитория болот.<br>- Синхрондук котормо залы ачылат.<br>- Көрмө жана аудио-сабактарды жаздыруу боюнча лаборатория ачылат. |

| | | |
|---|---|---|
| III. Заманбап китепкана менен маалыматтык санариптик ресурстарды өнүктүрүү | **2022 –2027** | I.III. –Электрондук окуу китептери менен окуу куралдар үлүшү –50% түзөт.<br>- IPRbooks. ЭКСке кирүү мүмкүндүгүн берүү лицензиялык келишим узарат<br>- ИС AVN аркылуу электрондук форматта дисциплиналар окуу-методикалык материалдар менен камсыздоо үлүшү -100 % сырттан окуу формасы үчүн, 80% күндүзгү окуу формасы үчүн. |
| IV. Аралыктан билим берүү технологияларын өркүндөтүү. | **2022 –2027** | V. Аралыктан билим берүү технологияларында колдонулуучу окуу программалардын үлүшү - 80%. |
| V. Студенттердин жеке жетишкендиктерин өнүктүрүүгө багытталган окутуу жана илимий изилдөө жаатындагы окутуучулар менен студенттердин өз ара натыйжалуу аракеттерин камсыз кылуу. | **2022 –2027** | V.Диссертациялар менен квалификациялык иштердин дээрлик 50% мамлекеттик жана ведомстволук буйрутма боюнча аткарылат. Диссертацияны жактоо менен магистратура бүтүрүүчүлөрү - 95%, Докторантураны /PhD диссертациясын жактоо менен бүтүргөндөр - 100% болот. |
| VI. Билим берүү программаларынын маркетинги менен башкаруу системасын өркүндөтүү. | **2022 –2027** | VI. Окуу процессин жумуш берүүчүлөр талабы жана *таңсыктыгы* менен байланышкан системага айлантуу. |
| I.VII. Студенттер менен ПОКтун академиялык мобилдүүлүк боюнча байланышын кеңейтүү | **2022 –2027** | I.VII. – Билим берүү программаларын ишке ашыруунун тармактык формаларынын (СУ СНГ, СУ ШОС) үлүшү билим берүү программаларынын жалпы санынан -15%.<br>- КУУдагы чет өлкөлүк студенттердин үлүшү - 10%;<br>- Академиялык алмашуу менен чет өлкөлүк ЖОЖдордо окуган студенттердин үлүшү -5% (эпидемиялогиялык жана саясий кырдаалдарга жараша);<br>- Чет тилдеринде (жарым жартылай же толук) ишке ашырылып жаткан |

| | | |
|---|---|---|
| | | программалардын үлүшү:<br>бакалавриатта - 20%,<br>магистратурада - 25%,<br>аспирантура менен докторантурада/PhD - 30% болот.<br>- Эки дипломдуу билим берүү программаларынын саны 50 гө жетип, андан ашат. Чет өлкөлүк университеттер менен ишке ашырылуучу “эки диплом” билим берүү программаларынын үлүшү – билим берүү программаларынын жалпы санынан - 20% түзөт.<br>- «сендвич» программалар 50-100 чейин жетет.<br>- «Год за рубежом» (One year abroad) программасынын катышуучулары 50-100 студентке чейин болот. |
| I.VIII. Көзкарандысыз улуттук жана эл аралык рейтингдери менен аккредитациялардан өтүү. | **2022 –2027** | I.VIII. - Университеттердин улуттук академиялык рейтингиндеги орун – топ 5 кирүү;<br>- QS World University Rankings Дүйнөлүк академиялык рейтингиндеги орун – топ 1000 кирүү;<br>- көз карандысыз Улуттук аккредитациядан 118 программа өтөт.<br>- көз карандысыз эл аралык аккредитациядан 3 программа өтөт.<br>- көз карандысыз институционалдык аккредитациядан 1 программа өтөт. |
| I.IX. Мекемелер менен уюмдардын заказы боюнча студенттерди максаттуу кабыл алуунун уюштуруу. | **2022 –2027** | I.IX. Максаттуу кабыл алуунун үлүшү – келишим боюнча бакалавриатка 10%, магистратурага кабыл алуу планынан 10 % түзөт. |
| **ИЛИМ – ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ**<br>**Университеттик илимдин илимий уюмдар жана өндүрүш менен интеграцияланышы** | | |
| Илимий изилдөөлөр менен иштелмелерди колдоо системасын өнүктүрүү | **2023 –2027** | -II.I.Илимий-изилдөө багытында активдүү иш жүргүзгөн ПОК мүчөлөрүн материалдык-моралдык жактан приоритеттүү колдоо киргизилет<br>-Публикациялык активдүүлүктү материалдык-моралдык колдоонун системасы киргизилет Илимий изилдөө долбоорлорунун үлүшү жылына - 20% көбөйтүлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| II. Илимий ишмердүүлүктү каржылоо<br><br><br><br><br>III.  КУУнун  Жарчысы | | Жаш окумуштуулар фонду түзүлөт.<br>- Конкурстардын лауреаттарын сыйлоо фонду түзүлөт<br>«КУУнун мыкты илимий изилдөөчүсү», «Мыкты жаш окумуштуу», «Ж.Баласагын атындагы сыйлык» - наамдары киргизилип материалдык жана моралдык стимулдар болот;<br>Университеттик илимий гранттар кайрадан жарыяланып иштейт<br>Университеттин типографиясын кайрадан ачуу. «КУУнун жарчысы» илимий журналды кайрадан чыгарылат.<br>II.IV.-эл аралык индексацияланган Scopus малыматтар базасы боюнча Web of Science Core Collection (Clarivate Analytics) басылмаларынын наркынан 50 % КУУ төлөйт. |
| II.VIII. Мамведомстволор менен илим-өндүрүш принциби боюнча приоритеттүү иш жүргүзүү | **2023 –2027** | 1. КР айыл чарба, тамак-аш өнөр жай жана мелиорация министрлиги, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Корея Республикасынын айылды өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү (КРдагы КОРIA борбору) болуп биргеликте КУУ Технопаркынын базасында (Бот.бак) биргелешкен “Айыл чарбалык көрсөтмө талаасы” долбоору түзүлгөн (2022-2026-ж.)<br>2. “Кыргызиндустрия” ААК менен Ж. Баласагын атындагы КУУнун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде «КУУ алдындагы ЖОЖдор аралык илимий-техникалык борбор» ЖЧК түзүү жөнүндө иш жүрүп жатат. Борбордун максаты окумуштуулардын олуттуу долбоорлорун каржылап, аларды өндүрүштүк үлгүгө жетрикүү (2023-ж.)<br>3. КР Министрлер Кабинетинин алдындагы интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Түркия Республикасынын Премьер-министринин Аппараты алдындагы Түркия Республикасынын технологиялык командасынын фонду тарабынан КУУнун алдында дизайн студиясы, математика студиясы, табигый илимдер студиясы, технология студиясы, астрономия студиясы ж.б |

| | | |
|---|---|---|
| | | компоненттерден турган “Билим Бишкек” Инновациялык борбору түзүлүүдө (2023-ж.)<br>4. Генералдык прокуратура, МУКК, ИИМ менен биргеликте Ж. Баласагын атындагы КУУ жана Д.Гросс атындагы Криминалисттик полигондун базасында Республикалык криминалисттик полигон түзүү боюнча даярдоо иштери жүрүп жатат (2023-ж.)<br>5. КЭР Хэнань провинциясынын Билим берүү башкармалыгынын колдоосунда КЭР Хэнань университети менен Ж. Баласагын атындагы КУУ биргелешип Жибек жолу институту ачылган (илимий изилдөө жана билим берүү консорциуму). Институт КР Юстиция министрлигинде катталган (2022-ж.). |
| **Билим жана илимий изилдөө боюнча эл аралык долбоорлор**<br>**Программа менен долбоорлордун аталышы** | | |
| II.IX. Илимий-изилдөө жаатындагы эл аралык долбоорлор | **2022-2024** | Бишкек шаарынын сейсмикалык абалын иликтөө боюнча изилдөө долбоору (РИА ИС) |
| | **2021-2024** | Бишкек ш. РИА ИС колдоосунда геофизика боюнча эл аралык изилдөө долбоору |
| | **2021-2023** | “Өсүмдүктөрдүн биотехнологиясындагы потенциалды жогорулатуу боюнча АКШ-Кыргызстан өнөктөштүгү” эл аралык долбоору |
| | **2022-2024** | Корея өкмөтүнүн Кыргызстанда айыл чарба программаларын ишке ашыруу борборунун стартап-долбоору (KOPIA) |
| | **2022-2023** | Билим берүүнү колдоо үчүн түзүлгөн Жибек жолу институтунун кошо негиздөөчүсү |
| | **2019-2023** | ERASMUS+ (Долбоордун бюджети 139920 €) |
| | **2023-2030** | Билим берүүнү колдоонун глобалдуу долбоору (Корея Республикасынын Кемён университети менен биргеликте) (Долбоордун туура аталышы) |
| | **2022-2023** | Билим берүүнү колдоо үчүн Пекин чет тилдер университетинде ачылган “Кыргызстан”<br>борборунун кошо негиздөөчүсү |

| | | |
|---|---|---|
| | **2022-2026** | Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) чегинде Кыргызстан коопсуздуктун азыркы кездеги маселелери системасында Дүйнөлүк банктын “Борбордук Азия аймагынын суу ресурстарын изилдөө борбору” долбоору |
| | **2022-2026** | Дүйнөлүк банктын “Борбордук Азия аймагынын суу ресурстарын изилдөө борбору” долбоору |
| | **2023-2030** | КР Министрлер Кабинетинин алдындагы Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агентиги, Түркия Республикасынын Ф технологиялык командасы менен биргеликте “Билим Бишкек” инновациялык илимий-билим берүү борборун түзүү боюнча долбоор |
| **Билим берүү жана илим министрлигинин илимий долбоорлору** | | |
| II.X. Билим берүү жана илим Министрлигинин Илимий изилдөөлүк долбоорлору | **2022-2024** | Алгачкы кесиптик билим берүүнү санариптештирүүнү технологиялык камсыздоо |
| | **2022-2026** | Жасалма интеллекти жалпы билим берүү системасына жайылтуу технологиялары |
| | **2021-2023** | Физикалык методдор криминалисттик экспертизада |
| | **2022-2026** | Борбордук Азия аймагындагы мамлекеттер ортосундагы аскердик-саясий өз ара мамилелерге азыркы учурдагы көз караштар менен андагы маселелерди жана мүмкүн болгон чек арадагы куралдуу кагылышууларды жөнгө салууну (чечүүнү) изилдөө |
| | **2022-2024** | “Жашыл экономика жана климаттык өзгөрүшүнүн агроэкосистема менен Кыргызстандын тоо экосистемаларынын биоартүрдүктөрүнө тийгизген таасири” долбоору |
| | **2022-2024** | Кыргыз коомчулугунун ааламдашуу шарттарында консолидацияланышындагы мамлекеттик тилдин орду жана ролу |
| | **2022-2026** | “Манас” эпосунун тарыхы менен поэтикасын приоритеттүү улуттук маданий баалуулук катарында изилдөө |
| II.XI. КУУнун ишмердүүлүгүнүн илимий-инновациялык | **2022-2027** | II.XI. - Чет өлкөлүк рынокко чыккан инновациялык продукулардын саны<br>/ изилдөөнүн багыты боюнча 1 иштелмеден кем эмес болот. |

| | | |
|---|---|---|
| жыйынтыктарынын билим берүү, илимий и з и л д ө ө жана социалдык чөйрөлөрдөгү эл аралык жана улуттук деңгээлде алга жылышы. | | - Ички рынокко чыккан инновациялык продуктунун саны жылына 3 бирдиктен кем эмес болот.<br>- Алынган патенттердин саны, илимий изилдөөлөрдүн гранттык каржылоо боюнча ишке ашырылган долбоорлордун саны жылына 3 бирдиктен кем эмес болот. |
| **Рационалдуу эл аралык ишмердүүлүк** | | |
| I.Эл аралык иш-чараларды рационалдаштыруу жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу | 2022-2027 | I.Чет өлкөлүк университеттер жана уюмдар менен кызматташууну инвентаризациялап, ылгап, реалдуу өнүттөгүлөрдү тандоо. |
| II.Эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттешүүнү кеңейтүү. | | II.Уюштуруп өткөрүү:<br>форумдар - 180,<br>конференциялар - 160,<br>семинарлар – 200.<br>Катышуу:<br>форумдар -200,<br>конференциялар - 150,<br>семинарлар – 150. |
| III. Академиялык мобилдүүлүк<br><br>Кош дипломдуулук программалар<br>«Сендвич»программалар | | III. Академиялык алмашуу алкагында чет өлкөлүк университеттерде билим алган:<br>1.студенттердин үлүшү 5% түзөт;<br>2.мугалимдердин үлүшү 5% түзөт;<br>3.Чет өлкөлүк окутуучулардын үлүшү 2,5% түзөт;<br>4.Чет өлкөлүк студенттердин үлүшү 2,5 % түзөт;<br>5.Келген студенттердин алмашуу үлүшү 2,5 %түзөт;<br>6.Башка жакка кеткен студенттердин үлүшү 2,5%түзөт.<br>Чет өлкөлүк университеттер менен иш жүзүндө ишке ашырылып жаткан «кош дипломдуулук" билим берүү программаларынын үлүшү 20% түзөт; |

| | | |
|---|---|---|
| «Год за рубежом» (One year abroad) программасы | | «Сендвич»программаларына катышкан программалардын саны 50дөн-100гө чейин жетет<br>Программага катышкан студенттердин саны жылына 50-100 чейин болот. |
| **Рационалдуу-прагматикалык эл аралык ишмердүүлүк** | | |
| III.IV. Чет өлкөлүк университеттер жана изилдөө уюмдары менен өнөктөштүктүн жаңыланган тармагын өнүктүрүү. | **2022-2027** | III. IV. – Эл аралык кызматташууну 120дан ашуун университет жана изилдөө уюмдары менен өнүктүрүү.<br>- 100 ашуун университеттер жана изилдөө уюмдары менен келишим түзүү.<br>25 консорциумдар жана ассоциацияларга (Азия университеттеринин ассоциациясы, Түрк тилдүү өлкөлөрдүн университеттеринин ассоциациясы, Евразия университеттер ассоциациясы, Көзкарандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Тармактык университетинин Консорциуму, ШКУ Тармактык университетинин Консорциуму, Эл аралык университеттер менен жогорку билим берүү мекемелери тармагынын негизиндеги университеттер жана жогорку окуу жайлардын ректорлору менен президенттеринин консорциуму) мүчө болуу.<br>- Илимий коллаборациялар, биргелешкен Илимий журналдар жана басылмалар саны көбөйтүлөт |
| III.V.Эл аралдык гранттар менен инвестицияларды тартуу. | | III.V. Эл аралык гранттар жылына атайын эсеп боюнча кирешенин 1 % түзөт. |
| **Санариптик университет жана санариптик башкаруу** | | |
| I.КУУдагы УЧАлардын баардыгын инвентаризациялоо, жаңылоо, жаңыларын даярдоо. | **2022-2027** | II. 100 гө жакын УЧАлар жаңыланат жана жаңылары даярдалат. |
| II.«Жасалма интеллект» долбоорун ишке ашыруу. компьютерлер менен орг. техникасын сатып алып ишке киргизүү. | **2022-2027** | II.– Университетти башкарууга “Жасалма интеллектин” элементтерин киргизүү.<br>- КУУнун корпоративдик санариптик жалпы мейкиндиги түзүлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| Маалыматтык-билим берүү чөйрөсүн өркүндөтүү жана университетти башкарууга электрондук документ айлантуу системасын жайылтуу. | | - Кадр саясаты, окуу процессин уюштуруу, илимий-метрикалык иштерди жүргүзүү, жатакана тейлөө, пансионат иштетүү, студенттерди тейлөө ж.б. толук санариптештирилет.<br>-Университет, заманбап ЖОЖ катарында жаңы муундагы компьютерлер жана орг.техника менен толук жабдылат.<br>- ИС бирдиктүү электрондук документ айлантуу толук ишке ашырылат.<br>- КУУнун бардык имараттарында модернизацияланган бирдиктүү локалдык тармак түзүлөт.<br>-Дүйнөлүк, регионалдык жана республикалык маалыматтык-укуктук, электрондук- китепканалык системаларга кошулат, ошондой эле окуу жана илимий иштердеги антиплагиаттык программалык камыздоо менен жаңыланган компьютердик парк түзүлөт.<br>- Көрмө-конференция байланыш үчүн залдардын саны - 3 бирдикке жетет. |
| III. КУУнун ичинде жана сыртында санариптик өз ара аракеттешүү үчүн бирдиктүү маалыматтык мейкиндик түзүү, программалык жана техникалык каражаттарды пайдалануу мүмкүндүгүн камсыз кылуу. | **2022-2027** | IV.III. – Бирдиктүү терезе принцибинде студенттерди тейлөө Борбору түзүлөт.<br>- билим алуучулардын санариптик изи менен санариптик портфолиосун камтыган, жайылтылган билим берүү сервистери менен продуктулары, билимди санариптик текшерүү шаймандары жана прокторинг.<br>- Окуу имараттарынын баары мобилдик аспаптарды колдонуу менен санариптик сервиске кирүү мүмкүндүгүн камсыздаган үзгүлтүксүз Wi-Fi менен жабдылат. |
| IV. ПОК, АБП, билим алуучулардын санариптик технологиялар жаатында-гы квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүү. | **2022-2027** | IV.IV. - Кесиптик ишмердүүлүктөгү санариптик компетенциялар Борбору ачылат.<br>квалификациялар жогорулатылып, квалификациялар сертификацияланат<br>- Билим алуучулардын, АБП, ПОК, ОКП санариптик компетенцияларын калыптандыруу боюнча онлайн курстар түзүлөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | - Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматтык технологияларды колдонгон санариптик экономика компанияларынын кызматкерлери тарабынан мастер-класстар менен тренингдерди өткөрүү. Кесиптик ишмердүүлүктө санариптик көндүмдөр деңгээлин көрсөткөн конкурстарды, чемпионаттарды, хакатондорду өткөрүү. |
| IV.V. Санариптик билим берүү ресурстарын жана билим берүү процессиндеги сервистерди түзүү, башкаруу жана пайдалануу системасын өркүндөтүү. | **2022-2027** | IV.V.– Санариптик из форматында санариптик комптенцияларды өздөштүрүүнүн жыйынтыктарын жыйнап, каттоону жүргүзүүгө мүмкүндүк берген модернизацияланган билим берүү порталы түзүлөт.<br>- 3 тармактык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн онлайн курсу.<br>- 3 ачык массалык онлайн курстар. |
| VI. Изилдөөлөрдү жана инновацияларды синхрондоштуруунун эсебинен илим менен инновацияларды санариптик башкаруу системасын киргизүү. | **2022-2027** | IV.VI. – КУУнун илимий изилдөө ишмердүүлүгүн башкаруунун бирдиктүү автоматташтырылган системасы орнойт.<br>- Бирдиктүү басма платформасы иштелип чыгып, жайылтылат. |
| **ИННОВАЦИЯЛЫК ЧАРБА-ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК**<br>**Инновациялык экономикалык ишмердүүлүк** | | |
| I. Финансылык камсыздоону өркүндөтүү | **2022-2027** | V.I. Университеттин атайын эсебинен киреше бөлүгүн жылына 140,7 %<br>көбөйтүү.<br>–Бизнес-долбоорлордун эсебинен Университеттин атайын эсебиндеги<br>«прочие доходы» киреше бөлүгүн жылына 2 % көбөйтүү;<br>«прочие доходы» эл аралык гранттар менен инвестицияларды тартуунун<br>эсебинен жылына 3 % көбөйөт;<br>Университеттин атайын эсебинин «прочие доходы» киреше бөлүгүн илимий иштерди коммерциялаштыруунун эсебинен жылына 0,5 % көбөйтүү; |

| | | |
|---|---|---|
| II. Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалар жана уюмдар менен өз ара аракеттешүүнү кеңейтүү. | **2022-2027** | V.II. – Технологиялардын инжиниринги менен трансфери борбору.<br>- Гүл-декоративдик коллекцияны, дарак-бадал породаларын, жемиш өсүмдүктөрүн түзүү аркылуу технопаркты өнүктүрүү.<br>- Консалтингдик жана инжинирингдик тейлөө кызматтарынын көлөмүн көбөйтүү.<br>- Илимдин приоритеттүү багыттары боюнча экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүү институттары менен кызматташуу<br>-Соода-өндүрүштук инфраструктураны түзүү, пайдалануу<br>-Депозиттик, кредиттик, ссудалык капиталды эффективдүү пайдалануу<br>Инвестициялардын кайтарымдуулугун көбөйтүү, эффективдүү пайдалануу |
| III. Экономикалык башкаруу уюштуруу түзүмүн өркүндөтүү. | **2022-2027** | V.III. - субэсептерди берүү менен КУУнун түзүмдүк бөлүктөрүн ирилештирүү (институттар, департаменттер) аркылуу түзүлгөн КУУнун ишмердүүлүгүн башкаруунун өркүндөтүлгөн уюштуруу түзүмү. |
| IV. КУУнун инфраструктурасын өркүндөтүү. | **2022-2027** | V.IV. – Турусбеков көчөсү – 116а дарегинде КУУнун медициналык клиникасы менен болгон окуу имараты.<br>- КУУнун Ботаникалык багынын базасында уюлдук поликарбонаттан теплица.<br>- № 4 Реконструкцияланган студентик жатакана.<br>- Ремонттолгон № 8 окуу имараты.<br>- Медиа-борбор.<br>- Типография.<br>- Киев.көч. Спорттук-ден-соолук чыңдоо Борбору. |
| V. Инновациялык иштелмелерди коммерциялаштыруу жана алдыга жылдыруу | **2022-2027** | V.V. Түшкөн киреше университеттин атайын эсебинин 0,03 % түзөт. |

**КУУну 2022-2027-ЖЫЛДАРЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨН КҮТҮЛГӨН ЖЫЙЫНТЫКТАР**

**Билим берүү:**

1. Окуу процесси, Изилдөө университетинин шарттарына ылайыкташат
2. Магистрлерди даярдоо багыттарынын саны 10% көбөйөт
3. PhD докторлорун даярдоо багыттарынын санын 50% көбөйөт.
4. Чет өлкөлүк университеттер менен ишке ашырылуучу «эки диплом» программалары, билим берүү программаларынын жалпы санынын 20 % чейин жетет.
5. КУУда окуган чет өлкөлүк студенттердин санынын үлүшү 10% чейин жеткирилет.
6. Чет өлкөлүк университеттерде окуган КУУнун студенттеринин үлүшү 5% чейин жетет.

**Илим менен инновация**

1. Билим берүү – илим – өндүрүш системасынын түптөлүү цикли аягына чыгат.
2. Илимди каржылоо тынымсыз өсүү менен жылына 5-20% жетет
3. Дүйнөлүк академиялык чөлкөмдүк QS рейтингине кирүү, 500 ЖОЖдор тобуна кирүү максатталат
4. Ар түрдүү индекстелүүчү эл аралык басылмаларда жылына 500 басылма жарык көрөт.
5. Илимий басылмалардан цитата келтирилишин 2 эсеге көбөйтүү каралат.
6. Илимий даражага ээ профессордук-окутуучулук курамдын үлүшү 80 % жеткирилет.

**Эл аралык ишмердүүлүк**

1. Дүйнөнүн 200дөн ашык университеттери жана изилдөө уюмдары менен реалдуу кызматташуу болот.
2. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен 5 – 6 илимий изилдөө консорциумдары түзүлөт.
3. 10дон ашык чет өлкөлүк илимий борборлор жана окумуштуулар менен реалдуу кызматташуу болот.
4. Академиялык мобилдүүлүк менен илимий коллобрация талаптагыдай деңгээлге чыгат**.**

**Башкаруудагы санариптик трансформация:**

1. «Санариптик университет» башкаруу модели ишке ашырылат.
2. Институционалдык жана программалык башкаруунун жаңы системасы түзүлөт.
3. Бирдиктүү ИС электрондук документ айлантуу жайылтылат.
4. Илимий изилдөө иштерин башкаруунун санариптик системасы орнойт.
5. Кесиптик ишмердүүлүктөгү санариптик компетенциялар Борбору түзүлөт.

**Инновациялык экономикалык ишмердүүлүк**

1. Киреше булактарынын структурасы башка киреше булактарынын (гранттар, инвестициялар, демөөрчүлүк жардам ж.б.) көбөйүүсүнүн эсебинен кеңейип өзгөрөт.
2. КУУнун киреше бөлүгү 2 000 000 – 2 500 000 сомго жеткирилет.
3. Эмгек акысынын жыл сайын орточо эсеп менен 15 % көтөрүлүшү каралат.
4. Материалдык-техникалык база бекемделет.

**Жалпысынан:** Реформалоо жана модернизац иялоонун жыйынтыгында Ж. Баласагын атындагы КУУ 2027-жылы Кыргызстандагы гуманитардык, социалдык жана маалыматтык илимдер жаатындагы айныгыс улуттук билим берүү жана илимий Борбор болот. Чөлкөмдүк жана дүйнөлүк билим берүү кызматтарынын рыногунда татыктуу орун ээлейт.

*Окумуштуулар Кеңешинин 30.08.2023 № 10.4. ТОКТОМУ*

*2022-2027-жылдарга түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планы*

# Ж.Баласагын атындагы КУУнун 2022–2027-ж.ж. түзүлгөн стратегиялык өнүгүү планы



# УНИВЕРСИТЕТТИ ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ



Кыргыз улуттук университети дүйнөлүк билим берүү рыногунун талаптарына жана интеллектуалдык эмгекти коммерциялаштырууга багытталган Изилдөөчү университет моделин тандайт. Муну менен, билим менен илимдеги классикалык жана инновациялык өңүттөр балансын сактап, тобокелдиктер менен коркунучтарга адекваттуу жооп берип, чапчаң аракет кылуу жана эксперименттерге умтулуу менен КУУ алдынкы ЖОЖдордон болот

КУУнун муну шарттаган 2027 -жылга чейинки стратегиясы төмөндөгүлөргө багытталган:

- КУУ Улуттук ири долбоорлорду ишке ашыруунун, жаңы генерациядагы Улуттук идеяларды жана заманбап Улуттук интеллигенцияны даярдоонун Борбору болот;
- КУУ фундаменталдык илимий изилдөөлөр менен улуттук идеяларды өнүктүрүүнүн, аналитикалык иштелмелердин жана Кыргызстандын улуттук коопсуздугу боюнча-изилдөөлөрдүн Борбору болот;
- Эл аралык деңгээлдеги ЖОЖ болгон КУУнун окумуштуулары менен бүтүрүүчүлөрү глобалдуу эмгек рыногуна татыктуу тартылып, алдынкы академиялык чөйрөдө, маанилүү башкаруучулук чечимдерди кабыл алган мамлекеттик кызматтарда иштеген университетке айланат.

Бул үчүн, КУУнун өнүгүү стратегиясы төмөндөгү приоритеттерди көздөйт:

- санариптик башкарылуучу санариптик университетке трансформациялануу;
- диверсификациялоо менен университеттин инновациялык экономикалык системасын түзүү;
- окуу процессин изилдөөчү университеттин шарттарына жараша трансформациялоо жана ылайыкташтыруу;
- университеттик илимди экономиканын реалдуу секторуна интеграциялоо;
- эл аралык кызматташууну рационалдуу-прагматикалык нукка багыттоо;
- Улуттук идеяларды жаратуу жана Улуттук интеллигенцияны даярдоо Борбору болуу.

# УНИВЕРСИТЕТТИН МИССИЯСЫ МЕНЕН СТРАТЕГИЯСЫ

**КУУнун миссиясы** - классикалык жана инновациялык жетишкендиктерге таянып, университеттин билим берүү, илимий потенциалын сактап, өөрчүтүү. Улуттук идеяларды жаратуучу, Улуттук долбоорлорду аткаруучу жана Улуттук интеллигенцияны даярдоочу Борбор болуу.

**Максаттар:**

- КР Президентинин 2022-ж. 18.07. №24 «КР ЖКББ билим берүү уюмдарынын көрөңгөсү менен атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга карата чаралар жөнүндөгү» Жарлыгын ишке ашыруу;
- КУУну академиялык чөйрөнүн эл аралык рыногунда татыктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү орду бар Кыргызстандын алдыңкы билим берүү, изилдөө университетине айландыруу.

# Старттык мүмкүнчүлүктөрдү талдоо жана баалоо



## Университеттин түзүмү:

- **13 институт;**
- **16 факультет;**
- **88 кафедра;**
- **3 колледж**
- **1 гимназия**

### Технопарктын курамында

- Фундаменталдык илимдер институту;
- Ботаникалык бак;
- «Ысык-Көл» станциясы;
- Борбордук Азия менен Кытай маданиятын изилдөө ИИБ;
- Ф. Франкль атындагы ИИБ;
- Социологиялык борбор.

### Аймактык окуу түзүмдүк бөлүктөр:

- Ош ш. Гуманитардык табигый илимдер факультети;
- Каракол ш. табигый илимдер факультети;
- Нарын ш. табигый илимдер факультети;
- Талас ш. табигый илимдер факультети.

# Старттык мүмкүнчүлүктөрдү талдоо жана баалоо



## Билим берүү программалары:

Студенттер менен окуучулардын саны - 24485, алардын ичинен 1300 бюджеттик бөлүмдө; 23185 келишимдик негизде окуйт: 150 программа боюнча бакалавр, адистик,магистрлик, PhD докторлук билими берилет. Анын ичинен:

- **55** бакалавриат багыттары, окуу мөөнөтү 4 жана 5 жыл (күндүзгү, сырттан);
- **44** магистратура багыттары, окуу мөөнөтү 2 жана 2,5 жыл (күндүзгү, кечки жана сырттан );
- **7** адистиктер, окуу мөөнөтү 5 жана 6 жыл (күндүзгү, сырттан );
- **11** базалык докторантура PhD/ профиль боюнча илимий-билим берүү программалары;
- **15** аспиранттар менен докоранттарды даярдоонун илимий багыттары
- **16** орто кесиптик билим берүү адистиктери, окуу мөөнөтү 2 жана 3 жыл (күндүзгү, сырттан);
- **1** жалпы орто билим берүүнүн программасы, окуу мөөнөтү 2 жыл(10-11 класс).
- 1 гана эки дипломдуу бакалаврлык билим берүү программасы бар.
- 122 программа Улуттук көз карандысыз аккредитациядан өткөн.
- Эл аралык көз карандысыз аккредитациядан бир дагы программа өтө элек.

## Илимий-метрикалык көрсөткүчтөр

Окутуучу-профессордук курам – 1645, мунун ичинен илим докторлору – **124**; кандидаттар-532.
Илимий даражалуулар 40%
Жарыялоо активдүүлүгү – **40,1%**

- «КУУ Жарчысы» журналы рейтинги - **6** балл (2023жыл)
- Хирша индекси: ИХ РИНЦ- **168**, ИХ Web of Science – **168**, ИХ Scopus – **13**;
- РИНЦ катталуу -**533**, Гугл Академия -**116**, ОРСИД – **62**;
- SPIN автор коду – **257**, Изилдөөчүлүк код ( Web of Science боюнча) – **70;**
- КР ББжИМдин гранттары (долбоор) МОиН - **9**, Эл аралык изилдөө долбоорлору – **7;**
- Диссертациялык кеңештер 2022-ж. – **4**.

# Старттык мүмкүнчүлүктөрдү талдоо жана баалоо



## Эл аралык ишмердүүлүк:

- Эл аралык уюмдар жана ЖОЖдор менен түзгөн 214 келишим бар, Анын ичинен 131 иштейт.
- Чет өлкөлүк окутуучу-профессордук курам КУУнун ОПКсунун **0,5%** түзөт;
- Чет өлкөлүк студенттер КУУнун студенттеринин **0,3%** түзөт;
- КУУнун чет өлкөлөрдө окуган студенттери жалпы студенттердин **0,01%** түзөт.

## Финансылык мүмкүндүктөр:

- 2022-жылга түзүлгөн консолидацияланган бюджет 730 млн. сомду түзөт, анын ичинен:
- мамлекеттик бюджет – 7%
- атайын каражаттар – 89%
- Башка кирешелер – 4%
- Рентабелдүүлүк коэффиценти (730 млн. сом на кол-во АУП, ППС, УВП, ХОП студ. маг. учащ. колл.асп.докт)- 45,4%
- КУУдагы орточо эмгек акы-21665,5 сом

## Имараттар менен курулмалар:

- 1930 – 1970-жылдарда курулган Бишкекте 12 жана аймактарда 4 окуу имараты бар. Акыркы 30 жылда имараттарга капиталдык ремонт жана имараттарды куруу болгон эмес.

# Старттык мүмкүнчүлүктөрдү талдоо жана баалоо

## ОПК сапаттык курамы

| Жалпы саны - 1645. | ОПК сапаттык курамы– 40% |
|---|---|
| Илимдин докторлору – 124 | КР УИА академиктери, корр. мүч. - 3 |
| Илимдин кандидаттары– 532 | Профессорлор-138 |
| Ага окутуучулар -539 | Доценттер- 418 |
| Окутуучулар -450 | PhD докторлор - 3 |

## Илимий изилдөө гранттары (2021-2022-ж.ж.)

| Фундаменталдуу илимдер институту – КР ББжИМ 9 долбоору: |
|---|
| Финансылоонун суммасы – 6 698,5 миң сом |
| КУУнун ички гранты: |
| Финансылоонун суммасы – 510, 9 миң сом |
| Чет өлкөлүк илимий гранттар жок |

# Материалдык-техникалык база

Бишкекте 4 аймактарда 618 аудиториясы менен 12 окуу имараты бар;

1344 орундук 5 студенттик жатакана бар;

1 студенттик жатакана (№4) жараксыз абалда;

Интернетке чыгуу мүмкүндүгү бар 1325 компьютери, 73 компьютер классы бар.

Мультимедиа каражаттары менен 44 аудитория жабдылган;

10 ВОЛС аркылуу Интернетке кирүү мүмкүндүк түйүнү бар;

Huawei WiFi технологиясына негизделген 238 үзгүлтүксүз проводсуз түйүн бар.

Бирок, кабинеттер, аудиториялар, лаборатория, жатканалардын ж.б. 10% гана Wi-Fi аркылуу Интернетке туташкан.



# Кошумча Материалдык база

«Университет» пансионаты
Бостери айылы, Ысык-Көл

3 корпус
28 коттедж
370 орун



Ысык-Көл обл. Жети-Өгүз рай. Жеңиш айылындагы «Азамат» спорттук ден-соолук чыңдоо лагери 17 гектар аянттуу.




Бишкек ш.,Манас көч. 140, жалпы аймагы -1,9 гектар болгон Ботаникалык бак бар.



# Илимий китепкананын ишинин негизги багыттары




- КУУнун илимий китепканасы – окуу, илимий жана көркөм адабияттарды камтыган **955 541** экземпляр китептен турат.

- КУУ **128000 ашуун** басылмалардан, анын ичинде мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн **2000 ашуун** аудиобасылмалардан турган PR BOOKS электрондук-китепканалык системасын сатып алган.

- Электрондук ресурстарга кирүү мүмкүндүгү бар: Web of Science, Polpred.com, Edward Elgar Journals&eBooks, Intellect Journals, IOP Science, ЭБС "Лань", Эл аралык валюталык фонд, БУУ үйү китепканасы иштейт.

- ЖКББ үчүн да, ОКББ үчүн да **40084** бирдиктүү Электрондук каталог бар. КУУнун Илимий китепканасынын сайтына жана "Кирлибнет" сайтына аларга аралык режиминде кирүү мүмкүндүгү бар.

- Китептерди сатып алууга жылына орточо эсеп менен 350 миң сом (атайын эсептин кирешесинен 0,04 %) бөлүнөт.



# Тобокелдиктер менен коркунучтар

- Дүйнөдөгү туруксуз экономикалык, саясий жана эпидемиологиялык кырдаал
- Мамлекеттин айрым ченемдик-укуктук актыларынын жеткилеңсиздиги
- Өнөктөштөрдүн демпингдик саясаты
- Өнөктөштөрдүн терс атаандаштыгы
- КУУнун атаандаштыкка жараксыз старттык академиялык репутациясы
- Билим берүү ишмердүүлүгүнүн консервативдүүлүгү
- ЖОЖдук маркетинг менен менеджменттин солгундугу
- КУУнун МТБсынын талапка ылайыксыздыгы
- Академиялык мобилдүүлүктүн төмөнкү деңгээли
- Старттык илимий-метрикалык абалдын солгундугу
- Университеттин начар санариптешүүсү
- Эскирген компьютердик парк жана чектелген Интернет зона

# 2023-жыл МААНИЛҮҮ БОЛУП ЭСЕПТЕЛИНЕТ

- КУУнун башкаруусу институционалдык жана программалык жактан реформаланып, рационалдуу, санариптик болот.
- КУУөзгөчө статусу менен болгон 5 ЖОЖдун консорциумуна кирет
- КУУ кризиске каршы Борбордун курамына кирет.
- Окуу процесси дүйнөлүк стандарттарга ылайыкташкан изилдөө университеттин шарттарына ыңгайлашат.
- КУУнун финансы-экономикалык базасы турукташат, консолидацияланат, модернизацияланат жана инновациялык системага өтөт. Эмгек акы системасынын реформасы аяктайт.
- КУУнун бардык илимий лабораториялары, институттары функционалдык жактан инвентаризацияланат жана ошого жараша каржылоо аныкталат.
- 7-8 модулдан турган Борбор (Технопарк) түзүлөт.
- Эл аралык ишмердүүлүк рационалдуу-прагматикалык системага өтө баштайт.
- Типография ачылат, «КУУнун Жарчысы» ишин кайра улантат.
- Илимий изилдөөчүлүктү стимулдаштыруу, аны колдоонун моралдык жана материалдык колдоо системасы киргизилет.
- КУУнун ички илимий гранттары кайрадан бериле баштайт.


13
Билим берүү ишмердүүлүгү

# ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ



**Билим берүү** | Илим жана инновация-р | Эл аралык ишмердүүлк | Санариптик университет жана санариптик башкаруу | Инновациялык экономикалык ишмердүүлүк

## Билим берүү процессин изилдөө университетинин шарттарына ылайыкташтыруу

| Иш-чаралар | мөөнөтү | Күтүлүүчү жыйынтыктар |
| --- | --- | --- |
